ЖЫЙЫНТЫК

Облустук коомдук-саясий гезит
"Ош жаңырыгы"
*Уюштуруучулар: Ош облустук мамлекеттик администрациясы менен депутаттардын облустук кеңеши.*

*Гезит Кыргыз жумуриятынын юстиция министрлигинде катталган. Катталуу күбөлүгү № 047.*

Башкы редактор
А.ПАЗЫЛОВ
Кабылдама 2-39-14

ТЕЛЕФОНДОР:
2-46-56, 2-38-34,
2-49-11, 2-15-89,
2-49-10, 2-21-39,
2-26-82.

Редакциянын дареги:
714000. Ош шаары,
Курманжан-Датка көчөсү
209.

Жарыя жана кулактандыруу маселелери боюнча "Ош-пресс" рекламалык агентствосуна кайрылыңыздар (редакцияда) Оштогу

# ОШ ОБЛУСУ 1996-ЖЫЛДА

**ФИНАНСЫ.** Финансы башкармасынын маалыматы боюнча 1996-жылдын январынан-декабрына чейин облустук бюджетке 365886,1 миң сом келип түштү. (бекитилген жылдык планга карата 74,6 пайыз).

Кирешенин орчундуу бөлүгүн кошумча наркка төлөнгөн салык түздү жана
169667,2 миң сомго жетти же кирешенин жалпы суммасынын 46,4 пайызына барабар болду, кирешеге салык –26606,6 миң сом же 7,3 пайызды, акциздик салык—28277,2 миң сом же 7,7 пайызды түздү.

Облустук бюджеттин чыгашасы 481086,1 миң сомду түздү (бекитилген жылдык планга карата 98 пайыз). Билим берүүнү финансылоого 275827 миң сом бардык чыгашанын 57,3 пайызы), саламаттыкты сактоого—143371 миң сом жумшалган (29,8 пайыз).

Коммерциялык банктардын маалыматтары боюнча кыска мөөнөттүү кредиттик төлөөлөр 1996-жылдын январь-декабрында 29609,2 миң сомго азайган жана 1997-жылдын 1-январына карата 40951,6 миң сомду түздү. Банктардын ссудалары боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздар 1997-жылдын 1-январына карата 30847,8 миң сомго жетти.

Облэлбанктын мекемелериндеги төлөөлөрдүн калдыгы 1997-жылдын 1-январына карата 5808 миң сомду түздү.

1996-жылдын январь-декабрында накталай эмес операциялар боюнча акча салгандардын эсебине 44 миң сом келип түшкөн жана 1995-жылдын январь-декабрына салыштырганда 98,4 пайызга аз болгон, накталай эмес эсептешүүлөр 47 миң сомго жүргүзүлгөн, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 99,6 пайызга аз.

**ЭМГЕККЕ АКЫ ТӨЛӨӨ.** Облустун кызматкелеринин орточо бир айлык номиналдык маянасы 1996-жылы ноябрда 391,5 сомду түздү. Жана 1995жылдын ноябры менен салыштырганда 20 пайызга көбөйдү. Ал эми товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керек-жарак баасынын идексин эсепке алуу менен чыгарылган маянанын чыныгы өлчөмү 1996-жылы ноябрда гана 9 пайызга төмөндөдү.

Ноябрда геология жана жер катмарын чалгындоо, геодезия жана гидрометкызматынын (681,7 сом), өнөр жай (634,8 сом), кредиттик жана банк мекемелеринин (611,3 сом), байланыш (594,5 сом), башкаруу органдарынын (572,2 сом) кызматкерлеринин маяналары облустук деңгээлден жогору болду. Улуттук банк тарабынан белгиленген валютанын расмий курсуна негизденип, АКШнын долларына кайра эсептегенде орточо маяна ноябрда 24,7 долларды түздү, бирок октябрь менен салыштырганда 14,8 пайызга төмөндөдү. Маяналарды төлөө боюнча карыздын суммасы ноябрда 26,6 миллион сомду түздү жана октябрь менен салыштырганда 32,9 пайызга өстү, анын ичинде өндүрүштүк чөйрөдө—22,3 пайызга, ал өндүрүштүк эмес чөйрөдө - 58,6 пайызга өстү.

Иштеген бир кызматкерге эсептегенде карыздын суммасы ноябрда 215 сомду түздү, бул октябрга караганда 28,7 сомго көптүк кылат.

**АЙЫЛ ЧАРБА** 1996-жылдагы агрардык реформанын жүрүшүндө мамлекеттик чарбаларды кайрадан түзүү ишке ашырылды. Колхоздорду жана совхоздорду кайрадан уюштуруунун базасында (каттоодон өткөнү, каттодон өтпөгөнү болуп) 466 өндүрүштүк айыл чарба кооперативдери, 9 акционердик коому, 3 агрофирма, 16 жамааттык бирикмелер жана дыйкан чарбаларынын ассоциациялары, 9637 жеке дыйкан жана фермердик чарбалар түзүлдү. Ошону менен катар 8 колхоз жана 3 совхоз ишин алиге чейин улантууда.

Дыйкан (фермер) жеке чарбалар себүү айдоолорунун 87337 гектарын жалпы себүү аянтынын 37 пайызы пайдаланат. Калктын жеке чарбаларынын пайдалануусунда 65930 гектар (бардык чарбаларда 28 пайыздан) жүрөт же калктын бир үй-бүлөлүк

1997-жылда 37-519 гектар күздүк айдалды. Бул 1995-жылдын деңгээлинен 3050 гектарга же 8 пайызга көп.

Мал чарба продукцияларын өндүрүү чарбалардын бардык түрлөрүндө 1995-жылдын деңгээлине карата жогорулагандыгы менен мүнөздөлөт: эт-(тирүү салмакта) 85548 тонна (1 пайызга) 1995-жылдын деңгээлинен көп, сүт- 250820 тонна (4 пайыз), жумуртка—35525 миң даана (4 пайыз). Жүн 9 пайызга аз (3343 тонна) өндүрүлдү.


Чарбалардын бардык түрлөрүндө бир уйдан сүт саап алуу орточо 1663 килограммды түздү. Бир койдон жүн кыркып алуу 3,4 килограмм. Мал чарба продукцияларын өндүрүү чарбаларда үй шартында жүргүзүүгө туура келди, үлүшкө 64 пайыздан көп болду. Эт өндүрүү 67, сүт 68, жумуртка жана жүн 63 пайызга жетти.

кайрылыныздар (редакцияда)Оштогу тел. 2-60-59. Бишкектеги тел. 26-10-27.
Редакция рекламанын мазмунуна жооп бербейт.

Гезит аптасына эки жолу чыгат. Авторлор менен редакциянын көз карашы дал келбей калышы мүмкүн. Редакцияга түшкөн каттар, фотосүрөттөр кайтарылбайт жана алардын авторлоруна кеп-кеңеш айтылбайт.

Редакциянын эсеп-кысабы: Ош ш. өнөржайкурулуш банкы, МФО 330601306, р.сч. 002468272.

Гезит "Ош жаңырыгынын" компьютердик борборунда даярдалды, "Учкун" мамконцернинде басылды.
Индекс: 68420
Офсет 2 б.т.
Буйрутма ____________



жеке чарбаларынын пайдалануусунда 65930 гектар (бардык чарбаларда 28 пайыздан) жүрөт же калктын бир үй-бүлөлүк пайдалануусу боюнча 0,3 гектарга туура келет. Өткөн жылда айыл чарба өсүмдүктөрүн себүү аянтынын өлчөмү 3475, гектарга көбөйдү жана 233689 гектарды түздү.

1995-жылга салыштырмалуу себүү аянттары дан өсүмдүгү боюнча 150 пайызга, техникалык өсүмдүктөр-8, картошка—8 жашылча-3 пайызга көбөйдү. Ошол эле мезгилде тоюттук өсүмдүктөрдүн аянты 30 пайызга кыскарды. Ошондон улам чарбалардын бардык түрлөрүндө малды кыштатууга карата 1995жылдын деңгээлинде тоют камдалды.99 пайыз же ири мүйүз тоюттук бирдикте. өткөн жылдан 5,80 аз даярдалды. Орточо керектөө бир башка 18-20 центнер тоюттук бирдикти түзгөн.

шартында жүргүзүүгө туура келди, үлүшкө 64 пайыздан көп болду. Эт өндүрүү 67, сүт 68, жумуртка жана жүн 63 пайызга жетти. Дыйкан чарбаларында мал чарба продукцияларын өндүрүү көбөйүүдө. Эт өндүрүүнүн жалпы көлөмү 1995-жылга салыштырмалуу 14 пайыздан 1996-жылда 32 пайызга чейин өстү.

1996-жылда бардык булактар боюнча 38562 тонна мал жана канаттуу эти, 71822 тонна сүт, 11975 миң даана жумуртка, 916 тонна жүн (физикалык салмакта) 82742 тонна дан, 12338 тонна картошка, 25453 тонна жащылча, 14053 тонна пахта жана 8063 тонна тамеки өткөрүлдү.

Мурункудай эле айыл чарба продукциялары базар аркылуу өткөрүлдү. Анда 59 пайыз дан, картошка-97, жашылча-87, мөм жемиш-57, жүзүм-55, бакча өсүмдүктөрү-91, сүт-96. Жүн-92, жумуртка дээрлик 100 пайыз өткөрүлдү.

## ӨНӨР ЖАЙ

### 1996-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ДЕКАБРЫНДА ОБЛУС БОЮНЧА ӨНӨР ЖАЙ ИШТЕРИНИН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

| | Продукциянын жалпы көлөмү | | керек жарак товарларын өндүрүү | |
|---|---|---|---|---|
| | өндүрүлгөнү миң сом | 1995-ж январь-декабрь пайызы | факт миң сом | 1995-ж январь- декабрь пайызы менен |
| Облус боюнча бардыгы | 1579348,4 | 115,6 | 676597,1 | 117,4 |
| Шаарлар: | | | | |
| Ош | 543360,6 | 114,6 | 287502,7 | 102,9 |
| Кызыл-Кыя | 160636,6 | 121,2 | 50684,1 | 120,4 |
| Сүлүктү | 32776,1 | 106,6 | 6727,5 | 79,7 |
| Райондор: | | | | |
| Алай | 2374,6 | 107,1 | 1555 | 1,7 р |
| Араван | 41596,7 | 100,2 | 5626,6 | 145,4 |
| Баткен | 14930,8 | 114,3 | 15391,9 | 120,4 |
| Кадамжай | 374072,1 | 108,5 | 40850,5 | 139,2 |
| Кара-Суу | 355177 ,9 | 127,9 | 229157,3 | 140,1 |
| Кара-Кулжа | 1177,1 | 143,6 | 1099,5 | 135 |
| Лейлек | 7724,9 | 130,4 | 7279,1 | 132,2 |
| Ноокат | 15927,6 | 100,8 | 13576,7 | 103,9 |
| Өзгөн | 18244,2 | 101.8 | 16461,9 | 102,2 |
| Чоң-Алай | 733,9 | 2,1р | 684,2 | 2,5 р |

### 1996-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ДЕКАБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ ӨНӨР ЖАЙ ПРОДУКЦИЯСЫНЫН ЖАНА КЕРЕК-ЖАРАК ТОВАРЛАРЫНЫН ЖАЛПЫ КӨЛӨМҮНДӨ ШААРЛАРДЫН ЖАНА РАЙОНДОРДУН САЛЫШТЫРМА САЛМАГЫ (ЖЫЙЫНТЫККА КАРАТА ПАЙЫЗ МЕНЕН)

| | Продукциянын жалпы көлөмү | Керек-жарак товарларын чыгаруу боюнча |
|---|---|---|
| Ош облусу | 100. | 100 |
| Шаарлар: | | |
| Ош | 34,6 | 42,5 |
| Кызыл-Кыя | 10,2 | 7,5 |
| Сүлүктү | 2,1 | 1,0 |
| Райондор: | | |
| Алай | 0,15 | 0,2 |
| Араван | 2,0 | 0,8 |
| Баткен | 1,0 | 2,3 |
| Кара-Суу | 22,6 | 33,9 |
| Кара-Кулжа | 0,1 | 0,2 |
| Кадамжай | 23,8 | 6,0 |
| Лейлек | 0,5 | 1,1 |
| Ноокат | 1,0 | 2,0 |
| Өзгөн | 1,2 | 2,4 |
| Чоң-Алай | 0,05 | 0,1 |